**«Дос-Кредобанк» ААКтын накталай эмес жол менен бериле турган насыясын алуу жөнүндө ачык оферта**

«Төмөндөгү маалымат "Дос-Кредобанк" ААКтан(мындан ары Банк) Оферта болуп эсептелет жана жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу жолу менен, Банк бөлүмүнө барбастан эле накталай эмес формада насыя алуу жөнүндө жеке жактар менен (мындан ары Зайымчы) макулдашууну бекитүүчү расмий жарыя келишими болуп саналат.

**Ушул Офертада колдонулуучу терминдер жана аныктамалар.**

**Жөнөкөй электрондук кол тамга** – электрондук кол тамгасынын өзү менен дал келүүчү кол тамганын ачкычы, электрондук кол тамга (One Time Password - OTP, сыр сөздөр жана башка идентификаторлор). Электрондук кол тамгалар маалыматтык билдирүү түрүндөгү же тараптар ортосундагы маалымат алмашуу келишимине жооп бергенбардык документтерге колдонулат.

**Жеке маалыматтар** – жеке жакка тийиштүү (жеке маалыматтар субъектине) же жеке жакты түздөн-түз аныктоочу бардык маалыматтар.

**Жеке маалыматтарды иштетүү** – автоматизация каражатын пайдаланып же пайдаланбастан жеке маалыматтарды чогултуу, каттоо, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), чыгаруу, маалыматты колдонуу, берүү (таратуу, берүү, жетки), жеке маалыматтарын блоктоо сыяктуу бардык аракеттер (операциялар) же аракеттердин жыйындысы.

**Жеке маалыматтардын жашыруундуулук принциби** – маалыматтар тарап же берилип кетүүсүнө жол берилбеши керектиги боюнча талапты Банк жана Зайымчынын милдеттүү түрдө аткаруусу. Муну менен катар жеке маалыматтарды берүү зарыл болгон учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жараша гана ишке ашырылат.

**Карта эсеби** – тиешелүү келишимге ылайык, кардаргабанктын төлөм карталарын берүү менен, төлөм жана эсеп жүргүзүү бөлүгү боюнча тейлөөнү ишке ашыруугабайланышкан, Банк тарабынан жүргүзүлүүчү операцияларды ишке ашыруу боюнча кардар мененбанктын ортосундагы келишим мамилесин чагылдыруу жолу.

Кардар/Зайымчы – "Дос-Кредобанк" ААКынын картасын колдонуучу болуп саналган, ушул ачык офертага кошулуу жолу аркылуу Банк менен келишимге кол койгон,укукка жана милдетке ээ жана жооптуу жеке жак (резидент).

Верификация – кардардын жана (же) бенефициардык ээлик кылуучунун жеке маалыматтарын текшерүү процедурасы.

Сайт – "Дос-Кредобанк" ААКтын расмий сайты.(шилтемеси: https://www.dcb.kg// )

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Оферта насыя тууралоонун тартибин аныктайт, ошондой эле Банк менен Зайымчынын ортосунданасыяларга байланыштуу милдеттерди аткарууда келип чыккан мамилени жөндөйт.
1.2. Жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу Банктын зайымчысынын өз колу менен койгон кол тамгасынынэквиваленти болуп саналат, ошондой эле кардардын идентификациясынын куралы жана электрондук документтин бүтүндүгүн текшерүү болуп эсептелет.
1.3. Бул Офертага жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюу Банк тарабынан зайым каражатын берүү боюнча оң чечим кабыл алынуусуна кепилдик болуп саналбайт.
1.4. “Дос-Кредобанк” ААКынан займчыга насыя тууралоозайымчынын жеке маалыматтарын иштетүү шарттары менен жана ушул Оферта менен макул болгондугунтүшүндүрөт.
1.5. Зайымчы Банк үчүнчү тараптан (эки тарап ортосундагы) жеке маалыматтарды алууга жана берүүгө укугу бар экени менен макулдашат, тактап айтканда: Кредиттик Бюролордо (Бюро) насыя боюнча тарыхын текшерүүгө, жеке маалыматтарды чогултуу жана колдонуу, анын ичинде КРнын Мамлекеттик каттоо кызматынан, “Түндүк” ЭКМПдан жана башка мамлекеттик органдар жана уюмдардан алууга укуктуу.
1.6. Зайымчы электрондук кол тамга коюлган документ (документтер топтому) өзгөртүүгө жатпаган жана кагаз жүзүндөгү документтей эле (документтер топтомундай) күчкө ээ экенин түшүнөт.
1.7. Зайымчы ушул офертадагы шарттар менен макул болбосо, Банк Зайымчыга насыяны андан ары каттоону токтотот.
1.8. Зайымчынын жеке маалыматтарын иштетүү бардык мыйзамдуу жолдор менен, чектөө мөөнөтүсүз, муну менен катар жеке маалыматтардын маалыматтык системаларынан автоматташтыруу каражаттарын колдонуп же мындай каражаттарды колдонбостон да ишке ашат.
1.9. Зайымчы жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жана иш аракеттердин юридикалык маанисин түшүнөт жана кабардар.

## 2. Офертанын предмети

2.1. Банк насыянын суммасын Зайымчыга Банкта ачылган, аракеттеги карта эсебине которуу жолу менен берет.
2.2. Тараптар насыялоо принциптерин сактоого милдеттендирилишет: мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук, максаттуулук, акылуулук.

## 3. Насыя берүүнүн жана андан пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөөнүн шарттары

3.1. Насыя Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы менен берилет.
3.2. Насыянын минималдуу суммасы – 15 000 (Он беш миң) сом, эң жогорку суммасы – 100 000 (Жүз миң) сом, толук.

3.3. Зайымчы Банктан ачкан карталык эсебине насыянын суммасы которулган күндөн баштап насыяны пайдалангандыгы үчүн ай сайын Банкка анын жылдык **29,9** (Жыйырма тогуз бүтүн ондон тогуз) пайызын, анын ичинде насыялык милдеттенмелерди толук аткарганга чейинки эсептелген пайыздардын суммасы сатуудан түшкөн салык 2 (эки) пайыз төлөйт.
3.4. Төлөө түрү – аннуитенттик төлөм (ай сайын төлөнөт)
3.5. Зайымчы насыя боюнча негизги карызын графикке ылайык өз учурунда төлөгөн учурда жылдык натыйжалуу пайыздык коюм 34,4 (отуз төрт бүтүн ондон төрт) пайыздан баштап түзөт.
3.6. Насыялоонун мөөнөтү 3 (үч) айдан 12 (он эки) айга чейин – 15 000 сомдон 50 000 сомго чейин, 3 (үч) айдан 24 (жыйырма төрт) айга чейин 50 001 сомдон толук 100 000 сомго чейин.
3.7. Насыянын максаты – Банктын насыя боюнча саясатына каршы келбеген керектөө/коммерциялык максаттар.

## 4. Насыя берүү жана эсеп тартиби

4.1. Насыя 3.2-пунктта көрсөтүлгөн сумма боюнча, Банкта ачылган аракеттеги карта эсебине сумманы которуу жолу менен берилет. Зайымчынын эсебине акча каражаты келип түшкөн убакыттан баштап, Банктын насыя берүү боюнча милдети аткарылган болуп саналат.
4.2. Бардык төлөмдөр календардык жылдын 360 (үч жүз алтымыш) күнүнө жана айдын 30 (отуз) күнүнө карата, кардардын насыяны колдонуп баштаган жана төлөп
4.3. Негизги карыз менен пайыздарды төлөөнү мөөнөтүнөн өткөрүп жиберген учурда ар бир кечиктирилген күн үчүн негизги карыздын жана пайыздардын мөөнөтү өтүп кеткен суммасына 3.3. пунктунда көрсөтүлгөн пайыздык коюмдун көлөмүндөгүдөй туум эсептелинет. Насыяны төлөөнүн жалпы мөөнөтүндө эсептелген туумдун көлөмү берилген насыянын суммасынын 10 (он) пайызынан ашпашы керек.
4.4. Тышкы экономикалык жагдайлар карыз алуучулардын ишине терс таасирин тийгизүүсүнөн улам алардын акча агымдары жана финансылык абалы өзгөргөндүгүнө байланыштуу, Банк тарабынан кредиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы/талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн карыз алуучуларга карата айыптык санкциялар, анын ичинде үстөк айып (айып пул/туум) салынбайт жана алынбайт. Мында карыз алуучулар айыптык санкциялардан, анын ичинде үстөк айыптан (айып пул/туум) бошотулушу үчүн тышкы экономикалык жагдайлардын терс кесепеттери алардын ишине таасирин тийгизгендигин тастыктоого тийиш.
4.5. Насыяны максатка ылайык пайдаланбагандыгы үчүн максаттуу багытта пайыдаланылбаган насыянын суммасынын 20 пайыз өлчөмүндө айып салынат.
4.6. Зайымчы Банк көрсөткөндөр менен таанышып чыккандан кийин тастыктоо аракеттери же дагы башка аракеттер менен анын шарттарын кабыл алуусу

Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, бул Оферта электрондук колтамга коюуну колдонуу менен келишилди деп саналат.

## 5. Тараптардын укуктары жана милдеттери

5.1. Ушул Оферта боюнча, ошондой эле Зайымчы насыяны кайтаруусун камсыздоого байланышкан келишим боюнча, Зайымчынын кабардар кылуусу менен башка адам насыяны төлөгөн шартта, Банк толугу менен же жарым-жартылай өз укуктарынын жана милдеттеринин чегинен чыгууга укуктуу. Ушул Оферта боюнча, ошондой эле Зайымчы насыяны кайтаруусун камсыздоого байланышкан келишим боюнча, башка адам насыяны төлөгөн шартта, Банктын кагаз жүзүндөгү макулдугусуз Зайымчытолугу менен же жарым-жартылай өз укуктарынын жана милдеттеринин чегинен чыгууга укугу жок.

5.2. Ушул Офертага байланыштуу негизги карыздын суммасын төлөө, комиссия жана башка төлөмдөрдүн мөөнөтү келген шартта, Зайымчынын Банктагы сом же чет элдик валютада сакталып турган каражатынанакцептсиз тартипте чегерүүгө Банктын укугу бар.

5.3. Акча каражатын насыя алынган валютадан башка валюта менен акцептсиз чегерген учурда, чегерилгенкаражатты насыянын валютасына конвертациялоооперациясы КРУБнын ошол учурдагы курсу боюнча жүргүзүлөт.

5.4. Банк адашып которулуп кеткен акча каражатын жана которуу же чегерүү боюнча түзөтүү иштерин Зайымчынын Банктагы эсебинен акцептсиз тартипте чегерип алууга укуктуу.

5.5. Эгерде (ушул) насыяны толугу менен төгүп бүткөндөн кийин транзиттик эсепте акча каражытынын калдыгы болсо, Банк аны Зайымчынын аракеттеги параллелдикнасыясына же/жана Зайымчы жаңы ала турчу насыясына же Зайымчынын Банктагы башка эсебине которууга укуктуу.

5.6. Банк Офертага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бир тараптуу киргизүүгө укуктуу. Офертанын шарттарына өзгөртүүлөр киргизилери тууралуу кабарламаны БанкЗайымчыга өзгөртүлгөн/жаңы Офертанын редакциясыишке киргизилерден 10 (он) күн мурун Банктын сайтына жарыялоо жолу менен билдирет. Офертага киргизилген бардык өзгөртүүлөр күчүнө кирген күндөн тартып Тараптар үчүн милдеттүү болуп саналат.

5.7. Кредиттик Бюролордо (Бюро) мүчөлүгүндөгү каржы-насыялык мекемелердин жалпы кызыкчылыктарын коргоо максатында, тиешелүү тартиптин негизинде Бюросуна тийиштүү маалыматтарды чогултуп берүү жолу менен башка каржы институттарынын ортосунда насыялар тууралуу (банк ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген лицензиясы бар банктар жана каржы-насыямекемелери үчүн) же зайымдар (лицензиясы жок каржы-насыя мекемелери үчүн) тууралуу акыркы маалыматтарды сактап калууга жана аны менен өз ара алмашууга укуктуу.

5.8. Банк жашыруундуулук принциптерин сыр сактоого, аны Зайымчынын алдын ала кагаз жүзүндөгү макулдугусуз жарыялабоого, ошондой эле Зайымчынын жеке маалыматтарын бирөө менен алмашпоого, жарыялабоого же башка бир жолдор аркылуу бербөөгө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптардан башка учурларда милдеттендирилет.
5.9. Банк Зайымчынын жеке маалыматтарын коргоого багытталган иш-аракеттеринин талаптарына ылайык, Зайымчынын жеке маалыматтарынын жашыруундуулук принциптерин коргоо үчүн чараларды көрүүгө, кабыл алууга милдеттендирилет.
5.10. Банк ушул документтин 5.4-пунктуна ылайык, Офертанын шарттары жана (же) тарифтери өзгөрүлгөндүгү боюнча Зайымчыны кабардар кылууга милдеттендирилет.
5.11. Зайымчы тууралуу маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга укуктук тартиптин негизинде берүүдөн улам Зайымчы чыгым тартса, киреше ала албай калса же моралдык чыгымга дуушар болсо, “Террористтик ишмердүүлүктү каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (изин жашыруу) жөнүндө” Мыйзамында каралган негиздерге ылайык, Банк жоопкерчиликтен бошотулат.
5.12. Зайымчы насыяны каалаган учурунда толугу менен же бөлүп төлөө жолу менен мөөнөтүнөн мурда төлөп бүтүүгө укуктуу, ошондой эле мындай шартта эч кандай айып пул санкциялары коюлбайт жана насыянын төлөө графигин, ага жараша эсептелчү пайыздарын кайра эсептөөдөн өткөрө алат.
5.13. Зайымчы насыяны пролонгациялоо же реструктуризациялоо суранычы менен, ошондой эле насыя боюнча пайыздардын эсептелинишин жана айып санкцияларынын тартиптери боюнча түшүндүрмө алуу боюнча кайрылууга укуктуу.
5.14. Зайымчы өз карта эсебине акча каражаты келип түшкөнгө чейин ушул Офертага кол койгон мезгилденкийин деле насыя алуудан баш тартууга укуктуу.
5.15. Зайымчы ушул Офертанын шарттары менен өз учурунда жана толугу менен таанышып чыгууга, ошондой эле аткарууга милдеттендирилет.
5.16. Зайымчы жубайын (жолдошун) насыя алып жаткандыгынан кабардар кылууга милдеттендирилет.
5.17. Зайымчы биринчи кезекте, талап боюнча Банкка керектүү документтерди, ошондой эле каржылык абалы тууралуу маалыматтарды берүүгө милдеттендирилет.
5.18. Зайымчы өзүнө берилген насыяны төлөө графигинде көрсөтүлгөн мөөнөтүндө, тийиштүү сумманы Банктын кассасына накталай/накталай эмес түрүндө же тиешелүү насыя эсебине которуу/салуу жолдору аркылуу төлөөгө милдеттендирилет. Төлөө боюнча график насыяны алган күнү Зайымчыга смс-билдирүүформатында жиберилет.

5.19. Зайымчы өз милдеттерин аткарбай калышына себеп болуучу, Оферта боюнча өз милдеттерин аткарууга байланышкан бардык жагдайлардын өзгөргөндүгү: дарегинин өзгөргөндүгү, реквизиттердин алмашкандыгы тууралуу билдирмени банкка кечиктирилбестен берүүсү талап кылынат, жана маселелердин жаралышын жоюу үчүн бардык чараларды көрүүсү шарт.

5.20. Зайымчынын Банк Тарифтерди жана Шарттарды өзгөртүп же толуктоого укуктуу экендиги боюнча маалыматы бар жана макулдугун берген. Банк өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин, ал күчүнө киреРден 10 күн мурун маалымат такталарына жанаБанктын сайтына жайгаштыруу жолу аркылуу маалымдайт.

5.21. Зайымчы каржылык абалы, жүргүзгөн ишкердиги жөнүндө маалыматтар жана/же мүлкү тууралуу маалыматтар анык экендигине кепилдик берет жана тастыктайт. Каржылык абалы, жүргүзгөн ишкердиги жөнүндө маалыматтар жана/же мүлкү тууралуу маалыматтар жалган болуп чыккан шартта, чындыкка дал келбеген маалыматтарды берүү жолу менен насыяалгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылары боюнча Зайымчыга маалымдалат.

5.22. Карыз алуучу Кредитордун чалуу-борборуна кайрылып, Банктын бекитилген ички процедураларына ылайык идентификациондук суроолоруна жооп беруу менен, кредитти төлөө күнү, учурдагы/пландаштырылган кредиттик төлөм, кредиттик карыздын калдыгы, толук кайтаруу учун сумма жөнүндө маалымат, ошондой эле дистанттык кызматтар аркылуу төлөө үчүн кредиттин номери тууралуу маалымат алууга укуктуу.

## 6. Каршы тура алгыс жагдайлар (форс-мажор)

6.1. Тараптар каршы тура алгыс жагдайга (форс-мажор) учураганда, оферта боюнча милдеттерин толук кандуу же жарым-жартылай аткаруу же талапка ылайык аткаруудан бошотулушат. Каршы тура алгыс форс-мажордук жагдай жаралгандыгы тууралуу Тараптар бири-бирин 3 күндөн ашырбай кабардар кылуусу керек. Бул мөөнөт Тараптар көрсөтүлгөнжагдайлардын кесепетин жоюу жана милдеттерин өзгөртүүнүн альтернативдүү жолдорун иштеп чыгуулары үчүн зарыл. Маалымдоо боюнча милдет аткарылбай калган учурда, шартты бузган Тарап форс-мажордук жагдайга жана анын кесепеттерине таяна албай калат.

6.2. Зайымчынын төлөө шартына залакасын тийгизген каршы тура алгыс жагдай жаралган учурда, Зайымчы каржылык абалы начарлап кеткендигин тастыктаган документтерди алып келүүсү шарт (соттук акт, ички иштер органдарынын актылары ж.б.). Тастыктоочу документтерди алып келбесе, Зайымчы форс-мажордук жагдайга жана анын кесепеттерине таяна албай калат.

## 7. Башка жоболор

7.1. Ушул Оферта боюнча Тараптар ортосунда жаралган бардык талаш-тартыш жагдайлар жана пикир келишпестиктер Тараптардын сүйлөшүү жолу менен чечилет. Эгер сүйлөшүү жолу менен келишүү мүмкүнболбосо, Банктын жайгашкан аймагы боюнча (сот кийлигишүүсү менен келишүү) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралууга тийиш.

7.2. Бул Оферта Тараптар толук кандуу тааныштырылгандан кийин, күчүнө кирет жана ушул Офертада каралган милдеттенмелер толугу менен аткарылып бүткөнгө чейин аракетте болот.